УДК: 801.8

**Кожоева Г. Ж.**
филология илимдеринин кандидаты, доцент
*Ош мамлекеттик университети*

## СЕМАНТИКАЛЫК КАЙТАЛООЛОРДУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Кожоева Г. Ж.**
кандидат филологических наук, доцент
*Ошский государственный университет*

## ОСОБЕННОСТИ СЕМАНТИЧЕСКИХ ИТЕРАЦИЙ

**Kozhoeva G. Zh.**
Candidate of Philological Sciences, Associate Professor
*Osh State University*

## FEATURES OF SEMANTIC ITERATIONS

**Аннотация.** Макалада семантикалык кайталоолордун өзгөчөлүктөрү тууралуу сөз болот. Оозеки жана жазма кепте колдонулган маанилик кайталоолор мисал катары иликтөөгө алынган. Семантикалык кайталоого тиешелүү түшүнүктөр тастыкталып берилген. Плеоназмдар тилге терең синип кеткен. Ошол себептүү мындай кайталоолор тилде кеңири учурайт.
**Негизги сөздөр:** семантика, кайталоо, текст, мүчө, плеоназм, тавтология, дубляж, этимология.
**Аннотация.** В статье говорится об особенностях смысловых повторов. В качестве примеров исследуются повторы значений, используемые в устной и письменной речи. Подтверждаются представления, связанные со смысловым повторением. Пленазмы глубоко прорваны в язык. Именно поэтому такие повторы распространены в языке.
**Ключевые слова:** семантика, повтор, текст, аффикс, плеоназм, тавтология, дубляж, этимология.
**Abstract.** The article talks about the features of semantic repetitions. As examples, repetitions of meanings used in oral and written speech are examined. The ideas associated with semantic repetition are confirmed. Plenasms penetrate deeply into the language. That is why such repetitions are common in the language.
**Key words:** semantics, repetition, text, affix, pleonasm, tautology, dubbing, etymology.

Плеоназм - бир эле маанини билгизүүчү эки сөздүн кептешип колдонулушу. Айрым плеоназмдар тилге кирип сиңип кеткен. Буларда дубляж байкалбайт. Кептеги плеоназмдар өөн учурайт. Плеоназм - бул семантикалык кайталоо болуп саналат.

Айрым кайталоолордун пайда болушуна тилди пайдалануучулардын аң-сезиминде кайталануу тууралуу маалыматтын болбостугу деле негиз болот. Бир маанидеги эки сөздүн бир тизмекте келип калышына кээде сүйлөөчүлөрдүн оюнда алардын баштапкы маанилери тууралуу кабардын жоктугу жүйө болгондугу байкалат. Мында биз турпаттык эмес, маанилик кайталоо жөнүндө айта алабыз. Мисал катары кыргыз тилиндеги *торпок-тана* кош сөзүн келтирели. Сүйлөөчү мында семантикалык дубляжды көңүлүнө албайт. Бул сөздүн эки бөлүгүндөгү уңгулар эки түрдүү этимологияга ээ. *Торпок* сөзү түрк тилдеринде кенен таркалган да, «уйдун алты айдан бир жашка чейинки баласы» деген маанини берет. Ал эми экинчи уңгу моңгол тилдеринен кирип, ошол эле маанини билгизгендиги ар кимге белгисиз. Бул жерде тыбыштык жактан окшошпогон, ар түрдүү турпатка ээ болгон эки сөз бир эле денотаттын аты катары бирдей маанини берип жаткандыгы тилчи эмес кыргыздарга маалым эмес. Бул сөздөр түрк-моңгол алакалары тыгыз учурда аталышты эки тарапка тең түшүнүктүү болуш үчүн котормо түрүндө колдонуп жүргөн доордон калган «калдык» сымал бааланат.

Б. Ө. Орузбаева *ыйлап-сыктап* кош сөзүнүн уңгулары *ый* «плач», *сык* «плач» си-

нонимдеринен тургандыгын далилдеп, *сык* якут, алтай тилдеринде «ый» болуп, кыргыз, хакастарда экөө тең сакталганын белгилейт. Ушундай эле маанилик дубляж *сорпо-шилен, шорпо-шилен* (бурятча *шүлө, шүлүн, шөлө* «шорпо») *келин-кесек* (*кесек* «аял») ж.б. мисалдарда кездешет. Ал эми *жарды-жалчы, талаш-тартыш* ж.б. кош сөздөрдө семантикалык кайталоонун, кайталанып жаңы маани түзүүнүн бир түрү катары каралат [1, 70-73 бб.; 2, 84 б.]. Ошондой эле кубулуш *аккуу* сөзүндө да бар. Б. Ө. Орузбаева «канаттуунун аталышы «ак»ты эки ирет кайталап» жасалганын айтат [2, 82 б.]. Мында биз маанилик кайталоо же семантикалык плеоназм тууралуу сөз кыла алабыз. Мындай фактылар тилде арбын жолугат. Ошондой эле маанилик плеоназмды *Жаңы-Ноокат* топониминен да көрүүгө болот. Анткени аныкталуучу *кат* сөзү атаган «кыштак» (*кент* «кыштак» сөзүнүн тыбыштык жактан трансформацияланып *кат* түрүнө өтүшү) денотатына эки аныктооч берилген: персче *нов* «жаңы» (*ноода* «чыбык, жаш бутак», *нооруз* «жаңы күн») жана мунун үстүнө кыргызча *жаңы*, өзбекче *янги* «жаңы» аныктоочу кошулуп жаңы татаал сөз пайда болгон. Демек, *Жаңы-Ноокат* жана *Янги-Новкат* сөздөрүндө семантикалык плеоназм катышындагы эки аныктагычтардын бир бүтүндүктү түзүп, аныкталуучу сөзгө препозициялык «өсүүнү» алып келгендигин чечкиндүү эле айта алабыз.

Мындай кайталоо аффикстик деңгээлде деле кездеше берет. Муну биз *койчуман* сөзүнөн да байкайбыз. Мындай *кой* уңгусу тизмектешкен плеоназмдык байланыштагы эки мүчөнүн жардамы менен оңду (алдын) карай өскөн. Субъектти билгизүүчү *-чу* жана *-ман* мүчөлөрү бирин-бири кубаттап турат. Биринчиси экинчиси жок да колдонула берет: *Койчу көп болсо, кой арам өлөт*. Мында *-чу* мүчөсү өзү эле субъекттик мааниге ээ. Бул маанини өтө көп таркалган -ман аффикси тактап, күчөтүп берип жатат. *-Ман* аффикси инд-европа тилдеринде аффикс түрүндө гана эмес, зат атооч түрүндө өз алдынча сөз катары да кызмат кылларлыгы белгилүү. Ал түрк тилдеринин сөз байлыгын кеңейтүүдө орчундуу кызмат кылат (кыргызчаны эле алсак: *аларман, күйөрман, билерман* ж.б.). Жогорку мисалда интерпозициядагы *-чу* мүчөсүн кубаттап, аны менен плеоназмдык катышта колдонулуп турат.

Кээде ушундай эле кызматты *-чу* аффиксинин аткарып калышын байкайбыз. Оозеки кепте же жаш балдардын тилинде *шопурчу* деген сөз колдонуп калат. Ал жалпы элдик мүнөздө эмес. Субъекттик маани *шофер* сөзүнүн *-ер* аффиксинде эле берилген (*боксер, волонтер* ж.б.). Ал эми бул жерде *-чу* ошол мүчөнүн маанисин кубаттап тургандай көрүнөт.

Келтирилген мисалдарда биз семантикалык кайталоолордун болорлугун көрсөттүк. Сөз курамында кайталоолордун турпаттык (формалык) мүнөздө болушу да белгилүү. Уруулардын аттарынын ичинен айрымдары көпчүлүк санды көрсөтүүчү мүчөлөрсүз колдонулбайт: *моңолдор, сарттар, таздар*. Мында бир эле мүчөнүн тыбыштык үч варианты колдонулган: *-дор, -тар, -дар*. Булар калган тогуз вариант менен биргеликте бир бүтүндүктү - аффикстик парадигманы түзүп турат: а) *-лар, -лер, -лор, -лөр;* б) *-дар, -дер, -дор, -дөр;* в) *-тар, -тер, -тор, -төр*. Булардын ар биринин аталган системада орду бар, өз ара биримдиги жана ажырым сапаттары бар: (а) тобундагы варианттар *й, р, л* тыбыштары менен аяктаган сөздөргө, (б) тобундагы алломорфтор жумшак үнсүз тыбыштар менен аяктаган уңгуларга, (в) тобундагы варианттар каткалаң үнсүз тыбыштар менен бүткөн уңгуларга жалганат. Ал эми *ө* тыбыштуу алломорфтор (*-лөр, -дөр, -төр*) уңгунун акыркы муунунда *ө,ү* тыбыштары болсо, *а* тыбыштуу алломорфтор уңгунун акыркы муунунда *а,ы* тыбыштары пайдаланса, *о* тыбыштуу алломорфтор уңгунун акыркы муунунда *о,ү* тыбыштар учураса, *е* тыбыштуу алломорфтор уңгунун арткы муунунда *е,и* тыбыштары болсо гана колдонулат.

Ошентип, биз уңгу менен мүчөнүн ортосундагы гармонияны уңгунун акыркы тыбыштары уюштурарын айта алабыз. Уңгу мүчөгө үстөмдүк кылып жатат. Бирок бизди кызыктырып жаткан мисалдарда он эки элементтен турган аффикстик парадигмадан үчөө гана тандалып алынган. Аффикстин үч вариантын тандоого уңгулардын акыркы үнсүз-үндүү тыбыштары негиз болду.

Ал эми биз сөз кылып жаткан маселеге бул мисалдардын кандай тиешеси бар? Тиешеси, албетте, бар. Аталган сөздөр сүйлөшмө кепте көптүктү билгизүүчү экинчи аффиксти кабыл ала алышат. Караңыз: *Анын атасы Алайлык сарттарлардан болот* (*сарт-тар-лар*). *Эй, моңолдорлор, көзүңөрдү ачып жүргүлө* (*моңол-дор-лор*). *Бул жерден таздарлардын жайлоосу башталат* (*таз-дар-лар*). Бул плеоназмдуу сөз формалары экинчи мүчөсү жок вариантта да колдонула берет.

Ушул өңүттө алганда, мындай плеоназм *биз* жана *сиз* ат атоочторунун колдонулушунда да байкалат. *Биз* сөзүнүн мааниси «мен+сен», «мен+ал», «мен+силер», «мен жана менин тарапкерлерим» ж.б. түрдө жолугат. Кай бир учурларда гана «мен» деген мазмунга ээ болот. Ал эми сүйлөшмө кептеги *биздер* формасында семантикалык кайталоону көрүүгө болот. Анткени *биз* сөзүнүн турпатынын чегинде эле жайгашкан мазмун мында *-дер* аффикси аркылуу кайрадан белгиленип калды. *Сиз* сөзү диахрониялык алкакта «сен+сен», «сен+ал», «сен+алар» ж.б. маанилерди билгизсе керек. Анткени башка көп түрк тилдеринде экинчи жактын көпчүлүк санын көрсөтөт. Кыргыз тилинде бул маани *силер* ат атоочуна бекилип, *сиз* сөзү жеке адресатка сылык мазмунда колдонуп жүрөт. *Сиздер* формасы сылыктыкты күчөтүп айтууда пайдаланат да, адресатка болгон терең урматты билгизет. Ошондуктан *-дер* аффикси бул жерде семантикалык плеоназмды уюштуруп тургандыгын айтууга болот. Мындай кубулуштар башка тилдерде да кездешет.

Шумер тилинде, мисалы, көптүк сан бир нече жол менен берилчү экен. Анда *Lu* сөзү «киши» түшүнүгүн туюнтат. Көптүк төрт жол менен берилет:

1. Ошол эле сөз чектелбеген жалпы маани билгизип көптүктү атайт. Кыргызча *киши* да жалпылоочу мааниге ээ: *Он төрт* ***киши*** *катталды.*

2. Буга *-(е)пе* мүчөсү жалганып, «конкреттүү, мурун аталган, белгилүү кишилер» деген түшүнүктү берет: *Lu(e)ne* «кишилер (белгилүү)».

3. *Lu* сөзү эки жолу кайталанып «аталган кишилер бирге (чогуусу менен)» деген инклюзивдик түшүнүктү туюнтат: *LuLu*.

4. Бул формага *-(е)пе* аффикси уланып, «мурда аталган, конкреттүү, белгилүү кишилер бирге (чогуусу менен) деген түшүнүктү билдирет: *LuLu(e)ne*.

5. *Lu* уңгусуна кайталанган «бир» маанисиндеги *dili* сөзү (аффикси) жалганып «кишилердин ар бири» деген түшүнүктү билгизет: *Ludilidili.*

Бул тилде этиштик редупликация да өтмө этиштер багытталган көп объектерди атаганда колдонулат: *ĝiŝ-a ти-(в) tum-tum* «(ар түрдүү, көп) дарактардан алып келди». Ошондой эле анда кыймыл-аракеттин кайталоосу да этиштик кайталоо менен берилчү экен: *ти-gin-gin* «ары-бери жүрдү, артка-алдыга каттады» [3, 51, 59, 77 бб.].

Сөздөрдүн, уңгулардын кошмоктошуп кайталанып келип көптүк маанини жаратуусу түрк тилдеринде да арбын кездешет. Кош сөздөрдө көптүк, жыйындылык, кайталануучулук ушул ыкма менен берилет: *сап-сап, топ-топ, үйүр-үйүр...; бара-бара, көрө-көрө, жүрө-жүрө...; улам-улам, кайта-кайта, тарс-тарс...; эл-журт, тоо-таш, талаа-түз* ж.б. [4, 9-10 бб.]. Бул кубулуш башка түрк тилдеринде да арбын учурайт. Мисалы, азербайжан тилинде *дэстэ-дэстэ* «дес- те-десте, букеттер, пачкалар», *гачагач* «кач-кач, жалпы качуу, ар тарапка чуркап таркоо», *араба-араба алма* ж.б. сөздөрүндө нерселердин, кыймылдын көптүгү, көлөмдүүлүгү берилет. Э. В. Севортяндын сөзүн келтирели: «Парное существительное *дост-ашна* состоит из синонимов *дост* «друг», «приятель» и *ашна,* который помимо тех же значений передает еще «знакомый», «знакомец» и др.; парное *дост-ашна* передает сумму «друзей» и «приятелей», что без труда воспринимается из русского перевода: «друзья-приятели». Парное существительное *сүрү-сүрү* «стада» (каких-либо животных) передает значение множества «сад» [5, 321-322 бб.]. Биз бул жерде уңгунун же сөздүн кайталоосу татаал сөздөрдү түзүп, буга стуруктуралык да, семантикалык да салым кошконуна күбө болуп турабыз.

Демек, кайталоо тилдик деңгээлдердин баарын камтыйт. Ал тыбыштардын, тыбыш айкаштарынын, муундардын, морфемалардын, сөздөрдүн, сөз айкаштарынын, сүйлөмдөрдүн кайра-кайра колдонушу аркылуу ишке ашат.

**Адабияттар:**

1. Орузбаева Б.Ө. Сөз / Слово. – Бишкек: Илим, 1994. - 260 б.
2. Орузбаева Б.Ө. Кыргыз тилинин этимологиялык сөздүгүнө материалдар. – Бишкек: Б-сыз, 2010. -147 б.
3. Дьяконов И.М. Языки древней Передней Азии. - М.: Наука, 1967. - 492 б.
4. Сейдакматов К. Сөздүн тыбыштык жагы. – Бишкек: Б-сыз, 2007. - 188 б.
5. Севортян Э.В. Словообразование в тюркских языках // Исследования по сравнительной грамматике тюркских языков. - М., 1956. –Ч.2.: Морфология. - 314-329 бб.